МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КР

# 2021-2022-ОКУУ ЖЫЛЫНА КАРАТА МУГАЛИМДЕРДИН АВГУСТ КЕҢЕШМЕСИ ҮЧҮН ИНФОРМАТИКА ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА СУНУШТАР

***Ибирайым кызы Айжан***

***Кыргыз билим берүү академиясы***

# Негизги бөлүмдөр

- Актуалдуулугу
- Информатика предметинин Базалык окуу пландагы орду
- Бул жылдагы Информатиканы окутуунун өзгөчөлүктөрү

А) *Электрондук окутуу жана аны уюштура билүү*

*Б) Балдарды тарбиялоого көңүл буруу*

- Талкуулоого сунуш кылынган маселелер
- Суроолор

# Актуалдуулугу

## «Сапаттуу тарбия жана билим берүү – өлкөнүн өнүгүүсүнүн жана өркүндөшүнүн кепилдиги»



- Санариптик билим берүү жана Информатика предметин компетенттик негизде окутуу маселелери быйылкы август кеңешмелеринин жалпы темасына шайкеш келет. Себеби, учурда Информатика предметин (башка бардык предметтерди да) традициялык окутуу менен бирге электрондук окутууну (ЭО), STEM-окутууну, компетенттик билим берүүнү ишке ашыруу учурдун актуалдуу маселелери болуп саналат.

- Электрондук окутууга карата информатика мугалиминин алдында окуу процессин санариптештирүү, окуу материалдарын электрондоштуруу, электрондук журналды иштетүү, санариптик жана коммуникациялык технологиялардын түрдүү ресурстарын эффективдүү колдонуу, электрондук базаны түзүү, окуучулардын билимдерин аралыктан баалоо, электрондук окутууга карата башка предметтик мугалимдерге жардамдашуу сыяктуу даярдыктар талап кылынат.

# Информатика предметинин Базалык окуу пландагы орду

2021-2022-окуу жылына карата Базалык окуу план боюнча информатикага тиешелүү болгон сааттык окуу жүктөмдөр төмөндөгүчө (2021-жылдын 18-июнундагы №23 (10912) Кут Билим гезити):

- *Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн:* 5, 6, 7, 9-класстарга жумасына – 1 саат, 8-класста жумасына – 2 саат.

- *Окутуу өзбек/тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн:* 5-класстан 9-класстарга чейин жумасына 1 сааттан окутулат.



# БОПтогу өзгөчөлүгү

Информатика предметин өтүүдө эгер окуучулардын саны 25 же андан көп болгон учурда 2 группага бөлүнүп өтүлөт.

Программанын чегинде мугалим өзүнүн чыгармачылыгына ылайык предмет боюнча окуучуларда керектүү компетенцияларды калыптандырууга жетишүү керек.

Окуу пландан сырткары предметтерди тереңдетип окутуу үчүн акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтө алышат. Акы төлөө ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн, жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

# Бул жылдагы Информатиканы окутуунун өзгөчөлүктөрү

1) «Информатика» предметинин окуу программасы IT багытында (программалоо, системалык администрациялоо, киберкоопсуздук ж.б. камтылып) кайрадан каралып чыкты. Окуу программа КББАда бекитилди (программа www.kao.kg сайтында “Стандарттар жана программалар” деген бөлүмгө жайгаштырылды). Программанын **«Коммуникациялык технологиялар жана маалыматтык коопсуздук»** мазмундук багытына “Киберкоопсуздук” бөлүмү киргизилип, 5-класстан 9-класска чейин аталган бөлүм үзгүлтүксүз берилди.

2) Учурдагы информациялык коомдо мектептен программалоо, системалык администрациялоо, киберкоопсуздук мазмунду окутуу аркылуу коопсуздук маселесин чечүү негизги маселелердин бири. Ошол себептүү аталган бөлүмдөргө басым жасоо сунуш кылынат.

## «Сапаттуу тарбия жана билим берүү – өлкөнүн өнүгүүсүнүн жана өркүндөшүнүн кепилдиги»

### А) *Электрондук окутуу*

ЭО – бул санариптик технологиянын түрдүү ресурстарын жана электрондук окуу материалдарын пайдаланып, каалаган жерден каалаган убакта уюштурулуучу окуу процессинин интерактивдүү, инновациялык түрү болуп саналат.

“Электрондук окутуу” – *аралыктан окутуу, веб-окутуу, теле-окутуу, виртуалдык класс, ачык билим берүү, Интернет билим берүү* ж.у.с. түшүнүктөрдү камтыйт.

Электрондук окутууда санариптик жана коммуникациялык технологиялардын түрдүү ресурстары (компьютерлер жана алардын кошумча курамдары, мобилдик телефондор, планшеттер, түрдүү гаджеттер жана алардын түрдүү тиркемелери, телевизорлор, Интернет тармактары жана аларды туташтыруучу каражаттар ж.у.с. ресурстар) пайдаланылат.

# Электрондук окутууну уюштуруу

Электрондук окутууну ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн негизги үч нерсени эске алуу керек: **жеткиликтүүлүктү, компетенцияны жана мотивацияны** камсыздоо.

***жеткиликтүүлүк*** – окуу процессинин катышуучуларынын Интернет тармагына эркин туташуусу, материалдардын жеткиликтүүлүгү

***компетенция*** – маалымат ресурстарын пайдалануудагы көндүмдүн болушу

***мотивация*** – окуучулардын өз алдынча билим алууга кызыгуусунун жана аракетинин болушу керектигин билдирет. Окуучулардын ИКТ-компетенциясы жана алардын өз алдынчалуулук мотивациясы боюнча маселелерин колго алуу керек.

Информатика мугалими **электрондук окутууну ийгиликтүү уюштуруу** үчүн төмөндөгүлөрдү даярдап алуусу зарыл

- *Санариптик ресурстар*.
- *Ата-энелер үчүн материалдар*.
- *Тарбиялык маанидеги материалдар*.
- *Теориялык материалдар*.
- *Практикалык иштетүүчү материалдар*.

## Информатика предметин окутуу үчүн мугалим менен окуучуда

- мугалим: - санариптик ресурстарды колдоно билүү; - электрондук материалдарды түзө билүү, аларды пайдалана алуу; - маалыматтык сабаттуулуктун болушу; - чогуу иштеген коллегаларына электрондук материалдарды пайдаланууну үйрөтө билүү; - санариптештирүү боюнча өз алдынча иш-чараларды уюштуруу; - ата-энелер менен ИТ каражаттарын колдонуу боюнча туура кеңештерди берүү; - коомчулукта ИТ каражаттарын туура колдонууга үгүттөй алуу ж.у.с. компетенцияларга ээ болушу зарыл.
- окуучуларда: - маалыматтык сабаттуулук; - компьютерди колдонуу (аппараттык, программалык) билгичтиги; - электрондук информациялык-технологияны (ЭИТ) колдонуу; - электрондук материалдарды өз алдынча пайдалануу; - ата-энелерине, улуу муундагы адамдарга, досторуна электрондук ИТ үйрөтө билүү; - өз алдынча билим алууга (тил үйрөнүүгө, курстук окуулардан өтүүгө ж.б.) ЭИТны колдонуу ж.у.с. компетенциялардын калыптанышы маанилүү.

## *Б) Балдарды тарбиялоого көңүл буруу*

- ***Балдарды тарбиялоого көңүл буруу*** маселелерине келгенде балага күн сайын **УБАКЫТ** бөлүү менен анын тарбиясын акырындап калыптандырууга болоорун эстен чыгарбоо керек. Иштөө үчүн убакыт бөлүү – бул баланын ийгилигинин шарты; ойлонуу үчүн убакыт бөлүү – бул баланын акылын өнүктүрүүнүн булагы; ойноо үчүн убакыт табуу – бул баланын жаштыгынын булагы; окуу үчүн убакыт табуу – бул баланын билиминин булагы; достук үчүн убакыт бөлүү – бул баланын бактысынын булагы; кыялдануу үчүн убакыт табуу – бул баланын чыгармачылыгын өнүктүрүүгө карата жол; сезимдериңизди чагылдыруу үчүн убакыт бөлүү – бул баланын кубанычына карата жол; көңүл ачууга убакыт табуу – бул баланы да, өзүңдү да калыпка келтирүү жолу.



# Талкуулоого сунуш кылынган маселелер

- Информатика предметин окутууну жакшыртуу жана предметти окутууну өнүктүрүү проблемалары боюнча докладдарды окуу; семинарларды; тегерек үстөлдөрдү, конкурстарды ж.у.с. өткөрүү максатка ылайык.
- Ошондой эле бул окуу жылдагы август методикалык кеңешмесиндеги информатика мугалимдеринин секциясында төмөндөгүдөй учурдун актуалдуу маселелерин талкуулоо сунуш кылынат:
- Маалыматтык коопсуздук жана киберкоопсуздуктун негиздерин окутуунун методикасы.
- Информатиканы аралыктан ийгиликтүү окутуу проблемалары.
- Окутуу жана уюштуруу процесстерин санариптештирүү маселелери.
- Электрондук база: ата-энелердин ишеними жана окуучулардын коопсуздугу.
- Электрондук материалдар: окуу китептери, каражаттары, аларды түзүү жана колдонуу.
- Компьютердик тесттерди жана башка баалоо каражаттарын окуучулардын жетишкендиктерин объективдүү баалоо үчүн пайдалануу.
- Компьютердик класстарды эффективдүү пайдалануу.
- Коммуникациялык-технологиялардын мектеп предметтериндеги колдонулуштары.
- Санариптик берилиштер менен иштөөнүн жана аларды колдонуунун келечеги.
- Мектеп окуучуларынын Интернетти эффективдүү колдонуу маданиятын калыптандыруунун мааниси.
- Программалоо тилдерин үйрөнүү. Программалоо тили жана олимпиада.
- Онлайн окутууда инклюзивдик билим берүүнү эске алуу.
- Интернет оюндары жана социалдык тармактар: мектеп окуучуларынын арасындагы маселелер жана көйгөйлөр.
- Окуучулардын долбоордук-изилдөөчүлүк иштери. Байланыш долбоорлор, веб-квесттер, конкурстар, олимпиадалар.
- Адистик чеберчиликти жогорулатуу тутумунда информатика мугалиминин компетенциясын өркүндөтүү.
- Мугалимдердин «Информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы», «Мектепте заманбап окутуунун технологиялары», «Программалоо тилдери» ж.у.с. тематикалардын алкагында кесипчиликти жогорулатуу курстарынан өтүү.
- Билим берүү процессинде баалоонун жаңы технологияларын колдонуу.

# Байланыш даректер:

Бишкек ш., Эркиндик проспектиси, Кыргыз билим берүү академиясы, 25, 20-21-кабинеттер, тел: (0312)622373 же ika379@mail.ru электрондук почтасы. Моб.байланыш, WhatsApp: 0709335133.


***Ибирайым кызы Айжан***

***Кыргыз билим берүү академиясы***

**Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!**